КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXII-сессиясынын №2-ТОКТОМУ

04.10.2023-жыл Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаарына караштуу Чубак-Ажы Жалилов айылында жайгашкан 2,0 гектар жер аянтындагы таштандыларды жыйноочу жайга, таштандыларды кайра иштетүүчү цех куруу үчүн ички инвестор “Азамат-Бол” жоопкерчилиги чектелген коому менен келишим түзүп тийиштүү иш аракеттерди жүргүзүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесин, 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна жана 04.10.2023-жылкы чыгыш №01-17/410 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарына караштуу Чубак-Ажы Жалилов айылында жайгашкан 2,0 гектар жер аянтындагы таштандыларды жыйноочу жайга, таштандыларды кайра иштетүүчү цех куруу үчүн ички инвестор «Азамат-Бол» жоопкерчилиги чектелген коому менен келишим түзүп, тийиштүү иш аракеттерди жүргүзүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.О.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад облусттык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**